**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 27-январы №5** **Айдаркен шаары**

**Айдаркен шаарынын “Кыргызстан көчөсүнө тротуар төшөө” долбооруна өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, “Бюджет, экономика, каржы жана фискалдык саясат маселелери” боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай райондук өнүктүрүү фондуна сунушталуучу “Айдаркен шаарынын Кыргызстан көчөсүнө тротуар төшөө” жалпы сметалык баасы 2 535 000 (эки миллион беш жүз отуз беш миң) сомдук долбооруна, өздүк салым үчүн 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен мыйзамга ылайык ажыратылып берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаар мэри Б.Бегалиевге жүктөлсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө киргизилсин.

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы жооптуу катчы Г.Амирбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А.Алтымышова**